УДК: 22

# ЖУМАМИДИН ШЕРАЛИЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ТАБИЯТ ТЕМАСЫ
# ПРОИЗВЕДЕНИЕ ДЖУМАМИДИНА ШЕРАЛИЕВА О ПРИРОДЕ
# NATURE CONCERT IN ZH.SHERALIEVS' WORKS

***Матисакова А. – улук окутуучу, Акматова И.- улук окутуучу, Темирбаева Г. – улук окутуучу, Осмоналиева С. – окутуучу, ЖАМУ.***

*Аннотациялар: Бул макалада окуучуларды Кыргызстандын фаунасы, флорасы менен таанышытыруу жана баалуулуктар аркылуу ар тараптуу тарбиялоого, логикасын өстүрүүгө багытталган.*

*Эта статья направлена на ознакомление учеников с фауной и флорой Кыргызстана и всестороннее воспитание, развитие логики через ценности.*

*This article aimed at introducing the students with founa and flora, values of Kyrgystan. It brings up and develops their logical thinking skills*

Адам менен табият биримдиги купуя сыр дагы кадыр эсе көнүмүш сөз дагы болуу менен, боору бир, түбөлүгү чогуу нерселер катары улам өнүгүп, бир түрдөн экинчи түргө өтүү менен эриш-аркак керемет кубулуштардын чордону болуп келе жатат.

Балдарга адамдык баалуулуктарды, улуу асыл наркттарды билдирип, адеп, урмат, ызат, ыйман, өз ара мамилени калыптандыруу, үй-бүлөдөн башталып мектеп босогосун аттагандан башталып өктөм мүнөзгө өтөт.

Адамга эң кыйыны - күн сайын адам *болуу.*[1]*-Адам* табияттын бир бөлүгү[2], табиятсыз жашоо күн өткөрүү мүмкүн эмес, кыргыз элинин салттуу тарбия маданияты табиятка шайкештик принцибинин негизинде улуу муундарды жаратылышка сыйынуусу, «убал» деген эскертүүсү менен этият аяр мамилеси, сыйынуусу, табиятка шайкеш жүргүзүү салтын калптандырган.

Кыргыз Республикасынын жаш муундарын руханий адептик, патриоттук жактан тарбиялоонун концепциясында Советбек Байгазиев төмөндөгүлөргө басым жасаган. Кыргыз Республикасында жашаган бардык атуулдар партриоттук сезими каныккан рухий шарттарына, нарктарына, моралдык кенчтерине, типтүү салттарына, аң-сезимине жана жан дүйнөсү сугарылган, улуттун, маданиятын өздөштүрүп гана тим болбостон, аны өнүктүрүүгө аракеттенген жалпы адам заттык баалуулуктарга жетишкен, демократиялык коомдун идеяларын урматтаган өз тагдырын ата-журттун тагдырынан бөлүп карабаган, достукту бийик туткан, мекенчил, табият менен таттуу мамиледе болгон, жаратылышты жан досундай караган, сабаттуу, мамлекетибиздин гүлдөп өсүшүнө салымын кошкон активдүү атуулдарды тарбиялоо зарылдыгын белгилейт[3].

Табият жөнүндө ак таңдай акындарыбыздын ыр берметтери, жан дүйнөбүздү ээлеген, эргүүнү табиятка болгон сүйүүнү арттырган ырларды жаратышкан, ал ырларга экинчи өмүр киргизип, өлбөс-өчпөс түбөлүктүү темага айландырган обончуларабыздын бири Жумамидин Шералиев толуктап турат, биз анын поэзия жана ыр дүйнөсүнүн эл турмушунун бардык жагын чагылдырылгандыгын байкайбыз: көркөм сөз, кайнаган эмгек талаасы, махабат, экология, география, адамдын жаш курагы, өмүр сакчылары, табият менен таттуу жашоо, түрдүү кесип ээлери, философиялык ойлор, салыштырмалар жана башкалар камтылган.

**Кыргыз Жашоосун**
Эй, салкыны таза төрүндү,
Чалкыган Чатыр-Көлүндү
Аскадан булап кулаган,
Аркарың койдой чубаган.
Айланам жайлоом Ак-Сайым,
Атагың менен кубанам,-деп сыймыктануу менен сыпатталат.

Бул ыр саптарында кооздуктун туу чокусу болгон, Чатыр-Көл бейиштин төрү, төрт түлүктүн мекени, Кыргызстандын бермети жана кооз көлдөрүнүн бири, бул ыр аркылуу балдардын Кыргызстандын флорасы жана фаунасы, түрлөрү, таркалуу географиясы, ден-солук үчүн мааниси, касиеттери, сапаттары, жайлоонун сулуулугу, кооздугу, шар аккан суулары, асман тереген аска зоолору жөнүндө ырааттуу билимдер менен даңазалаган. «Жүрөктөн чыккан ыр, жүрөккө жетет»[2] дегендей жүрөккө жеткерүүдө табияттын жөнөкөй элементтери болгон сууга, ташка да өзгөчө басым жасап, жайлоо суусун мүрөк суусуна, жөнөкөй эле таштарды-гаухарга салыштырып сүрөттөп, кылымдардан - кылымдарга берип келген белеги ,байлыгы экендигин сүрөттөйт.

Ак-Сай жайлоосунун көркүнө көрк кошкон жан-жаныбарлар ошондой эле «Кызыл китепке» кирген кайберендердин пири, кыргыз элдин сыймыгы болгон «Аркар, Кулжа» койдой чубалган деп салыштырып, кыргыз жайлоосунун сулуугу, кооздугун бир топ философиялык ойлор менен түшүндүргөн бул ыр аркылуу балдарды, мекенди, элди, жерди сүйүүгө, коргоого, камкордук көрүүгө, эмгекке, турмушка тарбиялоо, даярдоо менен эстетикалык сезимин, маданиятын, фауна, флораны сактоого, коргоого, тарбиялоого үндөгөн. Ыр - бул элдин тарыхы, элдин башынан өткөн турмушунун бардык издерин чагылтырган, элдин кубанычын, кайгысын, турмуштун мүнөзүн андап түшүнүүгө болот.
Мисалы: Ж.Шералиев.

**«Жашообуз болсун көктөмдөй».**
Көк жашыл шибер өстөнөн,
Гүлүңдү терип өскөнмүн.
Чачтарга бубак себелеп,
Беттерди бырыш чегелеп.
Өмүрлөр жылса алдыга,
Өткөндү эстеп не керек.

Табият жана адам, бул эки түшүнүк ар дайым, бири-бирин толуктап турган бүтүндүк болуп саналат. Жумамидин Шералиев бул ырларында табияттын жазгы мезгили, көк шибер чөптөрдү, талаа ханышасы болгон түрдүү гүлдөрдү, аларды терип ойногон жаш курак мезгилди сүрөттөйт. А.С.Макаренко. Жер бетинин жандуу кызгалдактары[5] деп белгилеген бал тилдүү тили таза жоодураган балдардын иш-аракеттерин бой тартып, өзүн өспүрүм «чоң кыз, чоң жигит» сезип калган кездеги өспүрүмдөрдү кыз жандаган курагын, адамдын акылга толуп, бышып жетилип, кундуз чачын күмүш нур аралап, өмүрлөр алдыга жылып, эмгектен баар таап, ийгиликтин сересине жетип, өткөн оош кыйыш жолдорго саресеп салып, өткөнгө өкүнбөй, келечекке оптимисттик көз караш кароого чакыруу менен жашообуздун көктөмдөй болушу өзүбүздүн колубузда, үзүрлүү эмгекте экендигин сүрөттөп, адамдын жаш курагындагы өзгөрүүлөр да табиятка окшоштугун салыштырып белгилеген.

Жумамидин Шералиев «Селкиге», «Жаш чабан» чыгармаларында кыргыздын эмгекчил кызына жана жигитине арналган, чыгармадагы автор кыздын сулуугун, жөнөкөйлүгүн, назиктигин, аруулугун, табияттагы болгон коодуктарга салыштыруу аркылуу сүрөттөйт.

**Селкиге**

Таң менен ишке бараткан,
Таалайга көркүң жарашкан,
Алтындын багып, аппагың,
Айткан бир анты актаган,

**Жаш чабан**

Жайлоонун салкын абасы, Жайланат
жаштын санаасы. Көңүлдү көккө
көтөргөн (а) Карагай-чердин арасы.

Автор чыгармада кыргыз кызынын сулуулугун, жөнөкөйлүгүн, назиктигин, аруулугун, табиятта болгон коодуктарга салыштыруу аркылуу сүрттөп, талаанын гүлү, ак алтындын багбанын эмгегин даңазалап. сөзү менен иши айкалышып, ишеним менен тагылган тапшырманы айткан антын актаганын, аны элине жар салып, мактанганына басым жасап жатат. Табият тартуулаган коодуктун символу болгон гүлдөр ар дайым аял затынын аруулугун көрсөтүп, турмушка, коомдук эмгекке, баардык сферадагы иш аракеттерге демине деп кошуп шыктандырат. Селкинин сулуулугу да көз жаздымда калган жок, сулуулук бул - табият, дүйнө, аялзат, баалуулук ошондуктан сулуулук дүйнөнү сактайт деп айткысы келип жатат.

Жаратылышка гумандуу мамиле кылууга тарбиялоо өзүнчө жаңы көйгөй эмес, бирок адамдын табиятка көрсөткөн таасири көп учурда көзөмөлгө алынган, чаржайыт мүнөздө болгондуктан соңку жылдарда бул проблема өзгөчө мааниге ээ болду. Улуттук улуу дөөлөттөр, нарк-нуска жоболорду жоготпой жаратылыштын баа жеткис байлыктарын асырап, коргоп эртеңки муунга сунуш кылуу элдин ата-эне, мугалимдин коомчулуктун милдети.

Башталгыч класстардагы окуучуларды табиятты коргоо проблемаларын балдарга көп эле таңуулабастан алардагы табигый обьектилерге болгон кызыгууну ойготуп жандыктарга, өсүмдүктөргө, жансыз жаратылышка жагымдуу мамиле жасоого, жаратылыш жан досум деген сезимди өнүктүрүү зарыл.

Элибизде баланы башынан деген накыл сөздүн негизинде балдардын жаш кезинен табигый ресурстарга аяр, сарамжалдуу мамиле жасоого, аны коргоого, көбөйтүүгө, турмуштагы маанисин билүүгө үйрөтүп келген, табият, экологиялык тарбиялоону илимдеги жаңылыктарды жайылтуудан гана көрбөстон, балага этикалык, эстетикалык, адептик таасир берүүчү элдик кылымдарды карыткан бай тажрыйбаларына, акыл ой мурастарына, маданиятына таянуу зарыл.

Ошондуктан да лирикага жан киргизип, ырларга экинчи өмүр жаратуу менен жаратылыштын бардык темаларына басым жасап; адам, табият, тажрыйба, музыка, маданият, экологиялык билим менен тааныштыруудагы баалуу мурастарын кийинки муундарга калтырып кетти.

Адабияттар:

1. Жумамидин Шералев. Ырлар жыйнагы Б., 2014 ж.

2. КРнын мектептеринде предметтик билим берүүнүн, жаңылоонун концепциялары.Б., 2006
3. КР жаш муун рухий-адептик жактан тарбиялык концепциясы. Советбек Байгазиев Б., 2010
4. А.С. Макаренко. Книга для родителей, М.,1990г.
5. Жумамидин Шералев. Ырлар жыйнагы Б., 2014 ж.


Рецензент: Ураимов К.М. – п.и.к., и.о.доцент